**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**ЧҮЙ ОБЛУСУ**
**ПАНФИЛОВ РАЙОНУ**
**КУРАМА АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ПАНФИЛОВСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ КУРАМА**

# КУРАМА АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН ТОКТОМУ

“28” август 2026-жылдагы №47 Панфилов айылы

## Курама айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн Уставынын жаңы редакциясын бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамына, Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 16-майындагы №59 “Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси”, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын 17-апрелиндеги №257 токтому менен бекитилген “Юридикалык жактарды, филиалдарды жана өкүлчүлүктөрдү мамлекеттик каттоо тартиби жөнүндө” Жобону жетекчиликке алып, Курама айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Уставдын жаңы редакциясынын бекитилишине жана «Панфилов районунун Чүй облусунун Курама айыл аймагынын Айыл өкмөтү» мекемесинин фирмалык аталышынын өзгөрүшүнө байланыштуу кайра каттоодон өткөрүлсүн.
2. Толук фирмалык аталыш:

- мамлекеттик тилде : **“Чүй облусунун Панфилов районунун Курама айыл аймагынын айыл өкмөтү”** Мекемеси;
- расмий тилде: Учреждение **“Айыл окмоту айыльного аймака Курама Панфиловского района Чуйской области”.**

Кыскартылган фирмалык аталыш:

- мамлекеттик тилде: **« Курама айыл аймагынын айыл өкмөтү Панфилов району Чуй облусу »** М-е;
- расмий тилде : У-е **« Айыл окмоту айыльного аймака Курама Панфиловского района Чуйской области »**.

3. Курама айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн юридикалык дареги болуп төмөнкү дарек белгиленсин: Кыргыз Республикасы, Чүй облусу, Панфилов району, Панфилов айылы, Центральная көчөсү №402.
4. Айыл өкмөтүнүн Уставы бардык өзгөртүүлөрү жана толуктоолору менен жаңы редакцияда бекитилсин
5. Жетекчиси Бейсембаева Махабат Толегеновна, ЖИН (ПИН) 10606198100801.

6. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Кыргыз Республикасынын юстиция органдарында мамлекеттик кайра каттоодон өткөрүлсүн.

7. Мамлекеттик кайра каттоо жөнүндө уюштуруучунун чечиминде көрсөтүлгөн маалыматтар, ошондой эле мамлекеттик кайра каттоо үчүн берилген документтерде камтылган маалыматтар анык экендиги жана мыйзамда белгиленген учурларда юридикалык жакты кайра каттоо маселелери тиешелүү мамлекеттик органдар жана (же) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен макулдашылгандыгы ырасталсын.

8. Ушул токтомду каттоо жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Чүй-Бишкек юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.

9. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айыл өкмөтүнүн башчысы Бейсембаева Махабат Толегеновнага жүктөлсүн.

**Төрага** **А.К.Джумагулов**